| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз жыйырма биринчи сессиясы

ТОКТОМ №21-1

Мундуз айылы 03-июль 2024-жыл

“Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн жергиликтүү
бюджетинин 2025-206-2027-жылдарга
киреше жана чыгаша бөлүгүнүн
долбоору жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2025-2026-2027-жылдарга болжолу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен бекитилген нормативдик чегерүүлөрдүн негизинде, айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2025-2026-2027-жылдарга бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн долбоорун бекитүү жөнүндө коомдук угууда каралган сунуштарды эске алуу менен түзүлгөн бюджеттин киреше жана чыгаша долбоорун айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Г. Нуруеванын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин кирешелери атайын каражат менен кошулуп 2025-жылга 44409,0 миң сомго, 2026-жылга 47635,0 миң сомго, 2027-жылга 51701,0 миң сомго бекитилсин.
2. Бюджеттин баланстуулугун сактоо менен жергиликтүү бюджеттин кирешеси атайын каражат менен кошулуп бюджеттин чыгыша бөлүгүнүн долбоору 2025-жылга 44409,0 миң сомго, 2026-жылга 47635,0 миң сомго, 2027-жылга 51701,0 миң сомо Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин кошундусуна кошуу үчүн жергиликтүү бюджеттин божомолун Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Сузак башкармалыгына тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджеттик туруктуу комиссиясынын төрагасы М. Кыдыралиевге жүктөлсүн.
4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн www.kyzyl-tuu.gov.kg расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага:** **Т.Джороев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз жыйырманчы биринчи сессиясы

ТОКТОМ №21-2

Мундуз айылы 03-июль 2024-жыл

“Жер аянтын муниципалдык менчикке алуу ” жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жер кодексинин” 18-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренине ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн жер комиссиясынын 2024-жылдын 22-февралындагы отурумунун протоколуна ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн №01-16/398 02-июль 2024-жылдагы кайрылуусунун негизинде, айылдык кеңештин айыл чарба боюнча туруктуу комиссиясынын баяндамасынын сунушун угуп Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Таштак айылындагы Р. Кулбараков атындагы көчөнүн калктуу конуш менен жол аралыгындагы жайгашкан 447 м2 жер аянты муниципалдык менчике алынсын.

2. Мыйзам негизинде керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөттүн тиешелүү адистерине жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн www.kyzyl-tuu.gov.kg расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага:** **Т. Джороев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз жыйырма биринчи сессиясы

ТОКТОМ №21-3

Мундуз айылы 03-июль 2024-жыл

"Кызыл-Туу айыл аймагында
биотермикалык чуңкур ""яма Беккари"
куруу жөнундө

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 11,12,13,15,25,26,30,31-беренелерине, Кыргыз Республикасынын №145 "Жерлерди которуу (трансформациялоо) жөнүндө" мыйзамына ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн №01-16/397 02-июль 2024-жылдагы кайрылуу катын негиздеп, айылдык кеңештин айыл чарба туруктуу комиссиясынын отурумунун протоколуна ылайык Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Таштак айылынын Осумбек булак участкасын №93 контурундагы 0,4 га жер аянтынын 0,35 га жерин "Айыл чарба багытындагы" жерлери категориясынын жайыт жерлери түрүнөн, ошондой эле 0,05 га жер аянтын "Айыл чарба багытындагы" жерлери категориясынын курулуш алдындагы жерлери түрүнөн "Өнөр жайынын, тарнспорттун, байланыштын, коргоонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлери" категориясына которулгандан кийин, жер аянтына биотермикалык чуңкурун "яма Беккари" куруу үчүн макулдук берилсин.

2. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы М. Омурзаковго жүктөлсүн жана мыйзам чегинде иш кагаздарын даярдоо жагы тиешелүү адистерге милдеттендирилсин.

3. Бул токтом www.kyzyl-tuu.gov.kg расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага:** **Т. Джороев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз жыйырманчы биринчи сессиясы

ТОКТОМ №21-4

Мундуз айылы 03-июль 2024-жыл

“Жер аянтын муниципалдык менчикке алуу” жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Сузак райондук өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнун 2023-жылдын 25-декабырындагы №03-05/745 сандуу катынын негизинде, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн №01-16/401 02-июлундагы кайрылуу катын угуп жана талкуулап Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Соку-Таш айылындагы К. Абдраимов атындагы орто мектеби жайгашкан 2,22 га жер тилкеси муниципалдык менчике алынсын.

2. Мыйзам негизинде керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөттүн тиешелүү адистерине жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн www.kyzyl-tuu.gov.kg расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага:** **Т. Джороев**